КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЧҮЙ ОБЛАСТЫ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧҮЙ ОБЛУСУНУН ПАНФИЛОВ РАЙОНДАГЫ КУРАМА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

## ТОКТОМ № 24

"04" 09 2025-жыл Панфилов айылы

**Кыргыз Республикасынын "Тынчтык жөнүндө" Мыйзам талаптарын камсыз кылуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 6-декабрындагы № 194 "Тынчтык жөнүндө" Мыйзамын ишке ашыруу жана Панфилов райондук мамлекеттиек администрциясынын 22.08.2025-жылдагы №156-т тескемесинин аткарууда тиешелүү иш аракеттерди көрүү максатында:

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Курама айыл аймагында жайгашкан ресторандарда, эс алуучу жайларда, той каналарда жана салтанат өтүп жаткан турак үйлөрдө "Тынчтык жөнүндө" Кыргыз Республикасынын №194 Мыйзамынын 3-беренесинин 2-пунктуна ылайык, саат 22:00дөн таңкы 07:00гө чейин (дем алыш жана майрам күндөрү саат 09:00гө чейин) үн басымынын жана ызычуунун белгиленген деңгээлинен ашууга тыюу салынсын.

2. Ушуга байланыштуу, төмөнкү иш-чаралар ыкчам түрдө жүргүзүлсүн. Курама айыл өкмөтүнө караган милициянын ыйгарым өкүлдөрүнө, айыл башчыларына, мечиттердин башкы имамдарына:

- бардык массалык иш-чаралардын жана коомдук тамактануу жайларынын ишмердүүлүгү саат 22:00дөн кечиктирилбестен токтотуу боюнча рейд жүргүзүлсүн;
- тынчтыкты бузуудан корголууга тийиш болгон жайларга жана аймактарга жакын жайгашкан эс алуучу коомдук жайларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, көзөмөлдөнсүн;
- Кыргыз Республикасынын "Тынчтык жөнүндө" №194 Мыйзамынын беренелеринин бузуулары катталган учурда тийиштүү чаралар көрүлсүн;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" ПЖ№54 Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын «Тынчтык жөнүндө»№194 Мыйзамынын талаптары элдик жыйындарда, жума намаздарда мечитте, калк арасында жайылтылсын.

3. Ушул тескеменин аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

---

Таркатылсын иш кагаздар бөлүмүнө, Курама айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына

Төрага А.К.Джумагулов